| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КЫЗАРТ**<br>**БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗАРТСКИЙ**<br>**ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ**<br>**КЕНЕШ** |

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын I-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №2/1**

Жаны-Арык айылы 23-май 2023-жыл

**Кызарт айыл аймагынын Жаңы-Арык айылынын тургуну Т.Жусупакуновдун кайрылуусу жөнүндө**

Килемче өрөөнүндөгү жайыт жерден, туристтерди тосуп парк уюштуруу үчүн жайытты башка максатта колдонуу боюнча келишим менен 3 га жер аянтына берүү боюнча кайрылган айыл тургуну Т.Жусупакуновдун кайрылуусун карап, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Кызарт айыл аймагынын Жаны-Арык айылынын тургуну Т.Жусупакуновдун Килемче өрөөнүндөгү буга чейин тоют топтоо максатында колдонуп келген жердеги 3 га жер аянтына туристтерди тосуп, парк уюштуруу үчүн кайрылган кайрылуусун карап, өзүм билемдик менен чабынды жерди айланта тосуп алгандыгын, парк уюштуруу үчүн олтургузулган карагайлардын көчөттөрүн чабынды жерди тегерете олтургузгандыгын жана айыл тургундарынын басымдуу бөлүгүнүн жайытты тосуу боюнча каршы пикирлерин эске алып, Т.Жусупакуновдун кайрылуусу канааттандыруусуз калтырылсын жана жайытты башка максатта колдонуу үчүн жайыт жеринен 3 га жер аянты келишимдин негизинде берилбесин;

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго тапшырылсын.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗАРТ<br>БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗАРТСКИЙ<br>ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын I-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №2/2**

Жаны-Арык айылы 23-май 2023-жыл

**Кызыл-Эмгек айылынын жаштарынын кайрылуусун кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренсин жетекчиликке алып, Кызыл-Эмгек айылына күрөш залын жана кичи футболдук аянтча курууга жер аянтын бөлүп берүү боюнча айылдын жаштарынын кайрылуусун карап жана Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Кызыл-Эмгек айылынын күрөш залын жана кичи футболдук аянтча курууга жер аянтын бөлүп берүү боюнча кайрылуусу канааттандырылсын;

2. Кызыл-Эмгек айылындагы бош жаткан айыл өкмөтүнүн карамагындагы жер аянттарынын ичинен күрөш залын жана кичи футболдук аянтча курууга жер аянты бөлүнүп берилсин;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗАРТ<br>БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗАРТСКИЙ<br>ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын I-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №2/3**

Жаны-Арык айылы 23-май 2023-жыл

**Кургакчылык болуп, сугат суусу тартыш болуп жаткандыктан “Жаны-Арык” каналынан сугат суусун алышкан Мойнок айылынын дыйкандары үчүн айдоо жерлерин сугарууда 5 саат убакыт белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңешинин депутаттарынын, буга чейин сугат сууну пайдаланууда Мойнок айылынын дыйкандары тарабынан эч кандай убакыт белгиленбегендиги боюнча билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Кургакчылык болуп, сугат суусу тартыш болуп жаткандыктан “Жаны-Арык” каналынан сугат суусун алышкан, Мойнок айылынын дыйкандары үчүн 1 га айдоо аянттарын сугаруу үчүн 5 сааттык убакыт белгиленсин;

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗАРТ<br>БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗАРТСКИЙ<br>ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңешинин I-чакырылышынын I-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №2/4**

Жаны-Арык айылы 23-май 2023-жыл

**Жаны-Арык айылындагы профессор А.Идинов атындагы орто мектебинин балдар ойноочуу спорт аянтчасына Түлөкеева Минакандын атын ыйгаруу жөнүндө**

Жаны-Арык айыл аймагында 10 жана 20 жыл мурда мектепти аяктаган бүтүрүүчүлөрүнүн Жаны-Арык айылындагы профессор А.Идинов атындагы орто мектебинин балдар ойноочу спорт аянтчасына, ушул мектепте көп жыл дене-тарбия мугалими болуп үзүрлүү эмгектенген Түлөкеева Минакандын атын ыйгаруу боюнча кайрылуусун карап, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айылындагы профессор А.Идинов атындагы орто мектебинин балдар ойноочу спорт аянтчасына, ушул мектепте көп жыл дене-тарбия мугалими болуп үзүрлүү эмгектенген Түлөкеева Минакандын аты ыйгарылсын;

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КЫЗАРТ**
**БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗАРТСКИЙ**
**ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын I-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №2/5**

Жаны-Арык айылы

23-май 2023-жыл

**“Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши"**
**мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги ПЖ №85 “Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 “Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамдарын, Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Жаңы-Арык жана Куйручук айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
-Мамлекеттик тилде: " Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши " мекемеси;
-Расмий тилде: Учреждение "Айылный кенеш Кызартского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
- Мамлекеттик тилде: " Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши" м-и.
- Расмий тилде: У-е "Айылный кенеш Кызартского айылного аймака"

**2**. Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин Жобосу бекитилсин.

**3**. Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Жумгал району, Жаңы-Арык айылы, Өмүр уулу Абик көчөсү № 36 болуп аныкталсын.

**4**. Юридикалык жактын уюштуруучусу - жергиликтүү кеңештин депутаттары.

**5**. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анықтыгы ырасталат.

**Төрайым** **М.Акматалиева**